# 2020-2021 окуу жылындагы П.Ф.Колесников атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин тарбия иштери боюнча жылдык тексттик отчёту.

1-Сентябрь билим күнүнө карата линейка 1-класстарга гана өтүлдү.Класс жетекчилердин тарбиялык журналды толтурушу,класстык бурчту жасашы,күзгү майрамдарды пландоо 15-сентябрга чейин каралып бекитилди. Ал эми парламент боюнча онлайн отуп,сентябрь айынын башынан мектеп парламентине он бир окуучу өзүнүн талапкерлигин койду.12-октябрда мектеп парламентинин шайлоосу онлайн болду. Мында 11 «А» классынын окуучусу Жолдошбекова Нуркыз мектеп президенти шайланды. 23-сентябрда кыргыз тилинин 32 жыл болгонуна карата «Келечек» метод бирикмелери тарабынан иш-чаралар онлайн откорулду.1-класстар окугандыгына байланыштуу иш-чаралар класста кыргыз тилдери мугалимдери жана класс жетекчилери тарабынан откорулду.15-сентябрдан баштап 15-декабрга чейин кыргыз тилинин уч айлыгы башталды.Эне тилге байланыштуу дубал газеталар,дил баяндар онлайн жазылды.Тазалык боюнча мектепте санитардык дезинфекциялык уборкалар өтүлдү.Октябрь айынын планы жылдык пландын негизинде түзүлүп бекитилди.1-октябрь «Карыларга жардам» жана тылдын катышуучуларына жардам акциясынын негизинде 8а,8б,9а,9б - класстар бекитилди.5-октябрда «Мугалимдер күнү» онлайн белгиленди.Майрамдык кечени 11 «А» жана 11 «Б» класстар онлайн видео куттуктоо даярдап,эң жакшы маанай тартуулады.Майрамга ардагер эжейлер да чакырылды.Мугалимдерге арналып дубал газеталар чыкты.21-октябрда жалпы мектептик ата-энелер чогулушу болду.Мында айылдын врачы Галина Мукашевна «КОВИД-19» оорусун алдын алуу боюнча тушунук берип, фактыларга мисал келтирилди. 25 - октябрда 1-5-класстардын күз майрамы онлайн болуп өттү.Баткен окуясына карата ардагерлерге 5-11-класстар бекитилип,Баткен окуясы жонундо концерт,жолугушуу,чакан белектер болду.Октябрь айынын ичинде класста,мектеп

ичинде,сыртында жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү.Тазалык боюнча мектепте уборкалар,субботниктер өтүлдү.

Ноябрь айында класстар жылууланды.Терезелер чапталып,төшөкчөлөр алынды.Кыргыз тилинин 30 жылдыгынын үч айлыгына карата «Сармерден» кыз-жигит таймашы өттү.Сталбекова Н.С. жана Айыпов Адыл даярдаган.Жакшы даярданышкан.6-декабрда «СПИДтин эл аралык күнүнө карата 9-10-11-класстар катышкан «Биз СПИДке каршыбыз» райондук конкурска катышып 1-орунду алдык.Бул да болсо мугалимдердин жана окуучулардын эмгеги. Озгочо Сталбекова Назданат ыраазычылык билдирем.12-декабрда «Кыргыз тилинин 30 жылдыгынын үч айлыгын,улуттук адабияттын,Чынгыз Айтматовдун туулган күнүн белгиледик жана жыйынтыктадык.Ал эми жаңы жыл боюнча алгач ёлканы тоодон Баубеков Айбек,Ботбаев Байыш жана Айыпов Адыл алып келишти.Ёлканы коздо боюнча жана чечүү боюнча 10 «А» жана 10 «Б» класстарынын окуучуларына,класс жетекчилерине Серекова Ч.Б. Айыпов А.Ш. ыраазычылык. 25-декабрдагы биринчи ёлканы 11 «А» класс алып барган.Эң жакшы даярданган.26-декабрдагы экинчи ёлканы 11 «Б» класс даярдашкан.28-декабрдагы үчүнчү ёлканы 11 «А» класстын 2 группасы даярдаган.Эң жакшы даярданышкан.Ал эми 3-чейректе тарбия иштери план боюнча  өткөрүлдү.Февралда парламент тарабынан «Валентин күнү» спорт залда белгиленди.15-февралда 10-класстар тарабынан «Афганецтер күнү» жеңиш паркында өттү.Ал эми ата-энелер университети боюнча 15-февралда «Заманбап окуучуларды тарбиялоодо ата-энелердин жана мугалимдердин ролу» деген темада райондук семинар өткөрүлдү.Райнобуздун 30 мектебинен мугалимдер,организаторлор келишти.21-февралда «Эл аралык тил күнү» белгиленди.Мында ар бир класс 7ден 10 класска чейин ар бир улуттун  маданияты,тили,бийи боюнча даярдыкта келишкен.Өзгөчө жакшы даярданып келген класстар: 7а,7б,9а,9б,8а,8б болду. 23-февраль «Ата Мекенди коргоо күнүнө» карата культ министр Жолдошбай кызы Нуркыз жана 9 «А» класс,класс жетекчиси Жолочиева Н.А. даярдашты.27-февраль «Пётр Федосеевич Колесниковду эскерүү күнүнө карата»  салтанаттуу эскерүү линейкасын 6-а,6-б

класстар даярдаган.Даярдаган мугалимдер Мукамбетова А.К.,Асанова Д.О. жакшы даярданып өтүштү.3-март «Туу күнүн» 9-б класс даярданышкан, класс жетекчиси Алжанбаева Турсункан Жапаровна даярдаган.5-март «Ак калпак күнүнө» карата 7-11-класстардын эркек балдары,агайлары жөө жүрүшкө чыгышты. «Масленица» майрамын 4а,4б класстар Низкодубова Л.М. жана Турсунбекова Г.Т. эжейлер даярдашты. 8-март «Эл аралык айымдар» күнүн мектептин фойесинде өттү.Ар бир жума сайын ИДН, мектеп жетекчилиги жана мектеп парламенти тарабынан рейддер жүргүзүлдү.

4-чейректе онлайн окуу болгондуктан ар бир класстык сааттар ватсап,зум жана интернеттин башка түрлөрү менен кетип атты.9-май «Улуу Ата Мекендик согуштун 75 жылдыгына карата» онлайн сүрөт,онлайн көркөм ыр окуу, онлайн куттуктоо,онлайн өчпөс полк уюштурулду.Ал эми 25-майда жана 30-майда «Акыркы коңгуроо» онлайн аземи болду.Быйылкы окуу жылын мектепти 45 бүтүрүүчү бүтүрүп жатат.Класс жетекчилери ар кандай кырдаалдан алдын алуу үчүн ата-энелерден тил кат алышты. 1-июнь «Эл аралык балдарды коргоо күнүнө» карата онлайн куттуктоо,онлайн сүрөттөр,онлайн көркөм ыр уюштурулду.Жана айыл өкмөттүн жардамы менен бирге аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө соцпедагог Наконечная Тамара Григорьевна карантин учурга байланыштуу үйлөрүнө акчалай жардам көрсөттү.Карантин учурунда «Короновирус» илдетин алдын алуу максатында класс жетекчилер ата-энелерден эрежени так сактоо максатында тил каттарды алышкан.ИДН Токтовай кызы Жаныл менен бирге күндүзгү жана түнкү рейддер чыктык.Карантин учурунда мектеп директору Калпаков Алмаз Асанович менен организатор,соцпедагог болуп аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдарын,учётто турган балдардын үйүнө рейд уюштурулду.Ата-энелер университети боюнча ар бир класс жетекчи карантин учурунда оор кырдаалдан чыгуу,психологиялык жардам суроо максатында биздин мектепке бөлүнгөн психолог Карасартова Жыргалга кайрылышты. 16-марттан баштап 1-июнга чейин атайын мектеп жетекчилиги жана мектеп жааматы күндүзгү жана түнкү рейддерге күзөт коюлду.Жайкы каникулга карата балдардын коопсуздугун кароо милдети,көлгө,тоого тыюу салуу,өлкөдөгү

өзгөчө кырдаалды эске алуу максатында 30-июндан 1-сентябрга чейин ар бир класстан т.а. 30 класстан тил кат алынды.Азыркы учурда мектеп ремонт иштерине камдануда.

Тарбия иштери боюнча завучу: А.С.Бараканова

## П.Ф.Колесников атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2020-2021 окуу жылынын тарбия иштери боюнча жарым жылдык отчёту.

П.Ф.Колесников атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде тарбия иштери боюнча жылдык план түзүлүп бекитилген.Быйылкы окуу жылынын башталышы пандемияга туш келгендиктен, көп иш-чаралар онлайн өткөрүлдү.

## Сентябрь айы

✔ Быйылкы 2020 -2021 окуу жылы өлкөдөгү пандемияга байланыштуу «Билим күнүнө» карата арналган салтанаттуу линейка 1-класстар үчүн гана болду. Мектепте 1-класстан үчөө болгондуктан үч этапта аралыкты сактоо менен линейка өткөрүлдү. 1а класс саат 9:00дө башталып 9:30да бүттү.Ал эми 1б класс саат 9:45те башталып, 10:20да бүттү.Ал эми 1в класстыкы саат 10: 30 да башталып 11:00дө бүттү.Бардык 1-класстар аралыкты сактап,маска тагынышты.Линейкада алгач 1-класстар чыгарылып,мамлекеттик гимн угузулду.Мектеп директору Калпаков Алмаз Асанович куттуктоо сөзүн сүйлөп, жалпы жамаатка,ата-энелерге,окуучуларга ийгилик каалады.Быйылкы окуу жылында 1 «А» классынын класс жетекчиси Низкодубова Любовь Михайловна,ал эми 1 «Б» классынын класс жетекчиси Прохорова Евгения Александровна,

✔1 «В» классынын класс жетекчиси Бакыт кызы Айзат болду.Линейкада 1-класстарды куттуктоо иретинде 9 «Б» класстын бий номерлери тартууланды.Ата-энелер да өз балдарын 1-класска кириши менен куттуктоо сөздөрүн арнады.Аларга арналып биринчи коңгуроо кагылды.Ал эми линейканын акырында 1-класстарды жетелеп, мектепке экскурсия кылып тааныштырышты.

31-августта 7,8,9,10-класстардын класс жетекчилери «Менин сүйүктүү Кыргызстаным» деген темада класстык сааттарды, калган класстар бүгүн 1-сентябрда «Менин сүйүктүү Кыргызстаным» деген темада класстык сааттарды өтүштү.

Класс жетекчилердин тарбиялык журналды толтурушу,класстык бурчту жасашы,күзгү майрамдарды пландоо 15-сентябрга чейин каралып бекитилди.Ал эми парламент боюнча сентябрь айынын башынан мектеп

парламентине он бир окуучу өзүнүн талапкерлигин койду.12-сентябрда мектеп парламентинин шайлоосу онлайн болду.Шайлоонун жыйынтыгынын негизинде 11 «А» классынын окуучусу Жолдошбек кызы Нуркыз мектептин президенти болуп шайланды жана парламентке тиешелүү министрлер тандалды.

- 23-сентябрда кыргыз тилинин 31 жыл болгонуна карата иш-чаралар өттү.15-сентябрдан баштап 15-декабрга чейин кыргыз тилинин уч айлыгы жарыяланды.Эне тилге байланыштуу дубал газеталар илинип,дил баяндар жазылды.1-класстар окугандыгына байланыштуу ачык сабактарды өтүштү.Кыргыз тилинин үч айлыгында пландалган план боюнча иш-чаралар өттү.Кээ бир класстар онлайн окугандыктан,онлайн сүрөттөр,онлайн видео сабактар жиберилди.

- Сентябрь айынын ичинде класста,мектеп ичинде,сыртында жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү.Тазалык боюнча мектепте уборкалар,субботниктер өтүлдү.Класстар,коридорлор хлор менен дезинфекцияланды.

## Октябрь айы

- Октябрь айынын планы жылдык пландын негизинде түзүлүп бекитилди.2020-2021 окуу жылына «Карылар күнүнө» карата айлык иш-чаралар пландалган.Семеновка айылынын жалгыз бой кары адамы Митусова Еленага мектептен 9 «А» бекитилип,алмасын терип берди.Короо жайын тазалап жыйнашты.Улгайган адамдарга карата мектепте атайын план түзүлүп бекитилди. Семеновка айыл өкмөтү менен бирдикте айылдагы кары жалгыз бой,жардамга муктаж адамдардын тизмеси түзүлдү.Тизме боюнча 6 кары адам жардамга муктаж жалгыз бой,кары адамдар экен.Ал кары адамдарга атайын класс бекитилип ай ичинде алма – ашпуртун теришти, короо – жайларын жыйнашты. Ал эми «Карылар күнүнө» карата кары мугалимдерибизге онлайн видео куттуктоолорду жөнөттүк.

- 5-октябрда «Мугалимдер күнү» белгиленди.Майрамдык кече пандемияга туш келип,жылдагыдан башкача 11-класстар жана мектеп парламенти онлайн видео куттуктоолорду даярдашып,эң жакшы маанай тартуулады.Майрамга ардагер эжейлер да чакырылды.Мугалимдерге арналып дубал газеталар чыкты.Окуучулар мугалимдерин ватсап аркылуу же онлайн видео куттуктоолорду жөнөтүп атышты.Октябрь айында коомдук ишмер Турдакун Усубалиевдин 100 жылдыгына карата иш-чаралар онлайн өтүп, аны тарых мугалимдери өткөрдү.Баткен окуясына карата ардагерлерге 5-11-класстар бекитилип,Баткен окуясы жонундо онлайн иш-чаралар өткөрүлдү.Октябрь айынын ичинде класста,мектеп ичинде,сыртында жашылдандыруу иштери жүргүзүлдү.Тазалык боюнча

мектепте уборкалар,субботниктер өтүлдү.Класстарда жана мектепте санитардык – гигиеналык нормалар сакталып, хлорлонуп,дезинфекцияланып турду.

## Ноябрь айы

Ноябрь айында класстар жылууланды.Терезелер чапталып,төшөкчөлөр алынды.Кыргыз тилинин 31 жылдыгынын үч айлыгына карата иш-чаралар онлайн жана кадимки тартипте өтүп жатты.Ноябрь айында 2-чейректе окуучулар 1-4-5-9-11-класстар окугандыгына байланыштуу ата-энелерге түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Ноябрь айында класстардын жылуулук режимин кароо жана окуучулардын температуралык абалын текшерүү боюнча атайын дептерлер ачылды.

## Декабрь айы

Декабрда пландын негизинде иш-чаралар өтүлдү.1-декабрь «СПИД илдетин алдын алуу боюнча» 2020-2021 окуу жылында 1-декабрь «Эл аралык СПИДке каршы күнүндө» СПИДке карата бир айлыктын алкагында «СПИД -коркунучтуу дарт» деген темада 9 «А» класстын класс жетекчиси Чешева Анна Алексеевна классы менен флешмоб өттү.2020-2021 окуу жылында 1-декабрь «Эл аралык СПИДке каршы күнүндө» СПИДке карата бир айлыктын алкагында «СПИД -коркунучтуу дарт» деген темада 8 «Б» класстын класс жетекчиси Лисунова Алла Ивановна онлайн видео класстык саат өттү.

2020-2021 окуу жылында 1-декабрь «Эл аралык СПИДке каршы күнүнө карата» 9-11-класстарга «Covid-19» илдетин эске алып, «СПИД -коркунучтуу дарт» деген темада тегерек стол өткөрүлдү.

- Декабрь айында «Адам укуктарын коргоо» боюнча бир айлык жарыяланды.Мында класс жетекчилер онлайн видео сабактарды жана сүрөттөрдү уюштурду.

Ал эми декабрда толеранттуулук боюнча да онлайн видео сабактар өтүлдү. Мында 10 «А» класс жакшы видео сабак жасаган.

- Республикалык сырттан өтүүчү «Туулган жерим» аймак

таануу-туристтик жана экологиялык видеотүрмөктөр сынагына биздин мектепте катышты.Мында географ жана биолог эжейлер жардам беришти. 10 «А» класстын окуучусу Орузбаева  Динара катышты.

3-декабрь «Майыптар күнүнө» карата майып,инклюзив окуучуларды үйүнө барып акыбаалын сурап, майрамы менен куттуктадык.Мында Семновка айыл өкмөтү менен бирдикте майып балдардын үйлөрүнө чогу рейддерге чыктык.

3-декабрь 2020ж  «Майыптар күнүнө» карата инклюзив окуучу Албанов Куттубектин үйүндө.Соц.педагог Тамара Григорьевна куттуктоодо.

3-декабрь 2020ж «Майыптар күнүнө» карата инклюзив,майып окуучу Урбаев Юсуптун үйүндө. 12-декабрь «Улуттук адабият күнүнө жана Чынгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата»

мектепте  иш-чаралар онлайн түрүндө жана башталгыч класстар атайын иш-чараларды өтүштү.Мында онлайн сүрөттөр,онлайн видео сабактар отулду.Жана мектептин китепканасында Айтматов боюнча көргөзмө уюштурулду.

- Манас жумалыгы боюнча «Манас таануу» кружогунун

жетекчиси Турсунбекова Гулмира «Манас - рух гүлазыгы» деген темада 9-класстарга тегерек стол өттү.

Мектеп дайыма кылмыштуулукту алдын алуу,балдар менен иштөө,кыздар менен иштөө максатында Ананьево айылдык милициясы ЖОИ кызматкери Токтобай кызы Жаңыл менен бирдикте иш-чаралар өткөрүлүп турду.

Ал эми Жаңы жылдык балаты майрамы пандемияга карата өткөрүлгөн жок.Бирок Аяз ата менен Аяз кыз окуган класстарды гана жакшы тилек айтып, куттуктап кошту.

## Январь 2021-жыл

Пландын негизинде 3-чейректин тарбия иштери аткарылды.Алгач январь айында жалпы окуучулардын санитардык-гигиеналык абалдары каралып,класс жылуулугу,окуучунун температурасы олчонуп турду.Ар бир куну

окуучулардын сабакка келуусу,мектептин жылуулугу текшерилинди.

## Февраль

11-февралда мектептин спорт залында мектеп парламенти тарабынан Валентин куну откорулду.Ал эми 15-февраль Афган куну 10-класстар тарабынан айылдын жениш паркында эскеруу,жолугуу кечеси уюштурулду.23-февралда «Ата Мекенди коргоо» кунуно карата мектептин фойесине мектеп парламенти чакан концерт болду.24-февралда»Дружба народов» боюнча 8-9-10-класстар катышып,жыйынтыгында 8б,8а,9а-класстар орун алышты.Даярдаган класс жетекчилерге ыраазычылык.Калган класстар начар даярданышкан. 27-февраль «Колесниковду эскеруу кунуно» карата аскердик кароо-сынак болду.Мында 9-10-11-класстар катышты.Гран прини 9б,1-орун 11а,2-орун 9а,3-орун 10б класс алган.Даярдаган класс жетекчилерге ыраазычылык, алкыш айтылсын.

## Март

3-мартта желек куну спорт залда белгиленди. 5-март ак калпак куну да балдар калпак кийишип,айылдын ортосуна чейин журуш кылышты.Ушул эле 5-мартта спорт залда ырчылар концер уюштурулду.12-мартта «Масленица» куну белгиленди.Мында майрамды 4-класстар мыкты денгээлде даярдап,жакшы маанай тартуулады.Даярдаган класс жетекчилерге алкыш айтылат.15-мартта «ЮИД» жол кароо-сынагы боюнча 6-7-класстар катышып, 1-орун 7б класс,7а класс 2-орун, 3-орун 6в класстар алышты.Даярдаган класс жетекчилерге ыраазычылык билгизем.Ал эми 18-мартта мектептин фойесинде «Нооруз» майрамы откорулду.Майрамды 8-класстар даярдашты.Даярдаган класс жетекчилерге ыраазычылык.
3-чейрек ичинде мектептин ички козомолуно 4 бала учетко турду.Алардын сабакка катышуусу,келуусу боюнча иштер мектептин соц.педагогу,тарбия завучу жана ИДН,класс жеткечи тарабынан козомолго алынган.3-чейректе эн негизги койгой

болуп,бул мектеп окуучусунун формасы болду.Ал боюнча рейддер тынымсыз жургузулуп,азыркы учурда 60% калыпка келип калды.Ушул чейректе буга чейин 4 кыз жоолук салынса,азыркы учурда 5-11-класстарга чейин 14 кыз, 1-4-класстарда 4 окуучу кыз жолук салынган.Бул боюнча кыздар менен тушундуруу иштери жургузулгон.Чейректин башталышынан аягына чейин ар бир окуучунун температурасы олчонуп турду .Бул чейректе да «Балдарды коргоо боюнча» эки айлык жарыяланып,ага план тузулуп, иштер алып барылды.Соц.педагог жана класс жетекчилер тарабынан кылмыштуулукту алдын алуу,болтурбоо,баланын укугу жана милдети тууралуу иштер жургузулду.Жугуштуу ооруларды алдын алуу т.а. кавасаки,кургак учук боюнча жазуу иштери жана класстык сааттар,тегерек столдор откорулду.Жол эрежесин сактоо жана алдын алуу боюнча да 1-11-класска чейин класстык сааттар,класс маектешуу жургузулду.

## Апрель айы

Апрель айында  мектептин тегерегин жашылдандыруу жана тазалоо иштери журду. 7-апрель «Элдик революцияга 11 жыл болгонуна карата» мектептин фойесинде эскеруу линейкасы отту. Район ичиндеги «Менин балдар уюмум- эн мыкты» деген кароо-сынакка катышып, райондон 3-орунду алышты.30-апрелде мектепте «Радуга балдар уюмунун туулган кунуно карата» 2-3-класстарды кабыл алуу салтанаттуу линейкасы откорулду. Мындан сырткары, экологиялык кароо-сынактар да коп болду.

## Май айы

9-май «Улуу Ата Мекендик согуштун 76 жылдыгына карата» бир аз чакан салтанаттуу реквием отту.Мында куттуктоо создору,чакан концерт уюштурулду.Окуучулар тарабынан онлайн сүрөт,онлайн көркөм ыр окуу, онлайн куттуктоо,онлайн өчпөс полк уюштурулду20- майда

мектептин коросунда «Отличниктер кунун» откордук.Аларга мектеп жетекчилиги тарабынан грамота тапшырылды.Ал эми 25-майда жана 30-майда «Акыркы коңгуроо» онлайн аземи болду.Аларга 25-майда бутуруучулорду куттуктап, онлайн видео куттуктоо жоноттук.Быйылкы окуу жылын мектепти 27 бүтүрүүчү бүтүрүп жатат.Класс жетекчилери ар кандай кырдаалдан алдын алуу үчүн ата-энелерден тил кат алышты. 1-июнь «Эл аралык балдарды коргоо күнүнө» карата мектептин короосуна 2-7-класска чейин окуучулар келишип,аларга чакан оюндарды, дискотека уюштурулуп берилди.Аз какмсыз,коп балалуу үй-булоолордун балдарына Семенов айыл Окмотунон бир аз акчалай жардам корсотулду.Линейкада окуучуларга тапшырылды.Класс жетекчилерге кошумча онлайн куттуктоо,онлайн сүрөттөр,онлайн көркөм ыр да уюштурулду.Карантин учурунда «Короновирус» илдетин алдын алуу максатында класс жетекчилер ата-энелерден эрежени так сактоо максатында тил каттарды алышкан.ИДН Мамбетова Мадина менен бирге күндүзгү жана түнкү рейддер чыктык.Карантин учурунда мектеп директору Калпаков Алмаз

Асанович менен организатор,соцпедагог болуп аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдарын,учётто турган балдардын үйүнө рейд уюштурулду.Жайкы каникулга карата балдардын коопсуздугун кароо милдети,көлгө,тоого тыюу салуу,өлкөдөгү өзгөчө кырдаалды эске алуу максатында 30-июндан 1-сентябрга чейин ар бир класстан т.а. 26 класстан тил кат алынды.Азыркы учурда мектептин ремонт иштери журуп жатат.

**Тарбия иштери боюнча завуч:**
**А.С.Бараканова**

**П.Ф.Колесников атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 2019-2020 окуу жылындагы 4-чейрекке карата тарбия иштери боюнча отчёту.**

4-чейректе онлайн окуу болгондуктан ар бир класстык сааттар ватсап,зум жана интернеттин башка түрлөрү менен кетип атты.9-май «Улуу Ата Мекендик согуштун 75 жылдыгына карата» онлайн сүрөт,онлайн көркөм ыр окуу, онлайн куттуктоо,онлайн өчпөс полк уюштурулду.Ал эми 25-майда жана

30-майда «Акыркы коңгуроо» онлайн аземи болду.Быйылкы окуу жылын мектепти 45 бүтүрүүчү бүтүрүп жатат.Класс жетекчилери ар кандай кырдаалдан алдын алуу үчүн ата-энелерден тил кат алышты. 1-июнь «Эл аралык балдарды коргоо күнүнө» карата онлайн куттуктоо,онлайн сүрөттөр,онлайн көркөм ыр уюштурулду.Жана айыл өкмөттүн жардамы менен бирге аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө соцпедагог Наконечная Тамара Григорьевна карантин учурга байланыштуу үйлөрүнө акчалай жардам көрсөттү.Карантин учурунда «Короновирус» илдетин алдын алуу максатында класс жетекчилер ата-энелерден эрежени так сактоо максатында тил каттарды алышкан.ИДН Токтовай кызы Жаныл менен бирге күндүзгү жана түнкү рейддер чыктык.Карантин учурунда мектеп директору Калпаков Алмаз Асанович менен организатор,соцпедагог болуп аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдарын,учётто турган балдардын үйүнө рейд уюштурулду.Ата-энелер университети боюнча ар бир класс жетекчи карантин учурунда оор кырдаалдан чыгуу,психологиялык жардам суроо максатында биздин мектепке бөлүнгөн психолог Карасартова Жыргалга кайрылышты. 16-марттан баштап 1-июнга чейин атайын мектеп жетекчилиги жана мектеп жааматы күндүзгү жана түнкү рейддерге күзөт коюлду.Жайкы каникулга карата балдардын коопсуздугун кароо милдети,көлгө,тоого тыюу салуу,өлкөдөгү өзгөчө кырдаалды эске алуу максатында 30-июндан 1-сентябрга чейин ар бир класстан т.а. 30 класстан тил кат алынды.Азыркы учурда мектеп ремонт иштерине камдануудa.

**Тарбия иштери боюнча завучу:**
**А.С.Бараканова**